| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>НАРЗАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>НАРЗАНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ № 03

**30 март 2024ж** **Беловодское а.**

## Чүй облусунун Москва районунун Нарзан айыл аймагынын "Нарзан айылдык кеңеши" мекемесин түзүү жана Убактылуу Жобону бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023 жылдын 29 декабрындагы №370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын "Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагындагы жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү жөнүндө" Жарлыгыгын, Кыргыз Республикасынын Мыйзамы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 92-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023жылдын 31 мартындагы №178 токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке алып, Нарзан айылдык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Чүй облусунун Москва районунун, Биринчи Май айыл аймагынын "Биринчи май айылдык кеңеши" жана Чүй облусунун Москва районунун Беловодск айыл аймагынын "Беловодск айылдык кеңеши" бириктирүү жолу менен Нарзан айыл аймагынын "Нарзан айылдык кеңеши" мекемесин түзүү.

Юридикалык жактын фирмалык толук аталышы:

- мамлекеттик тилде: **Чүй облусу, Москва району, Нарзан айыл аймагынын, "Нарзан айылдык кеңеши " мекемеси**

- расмий тилде: **Учреждение "Нарзанский Айылный кенеш" Нарзанского айылного аймака, Московского района, Чуйской области**

Юридикалык дареги: Чүй облусу, Москва району, Беловодское айылы, Фрунзе көчөсү №168.

2. Москва районунун Нарзан айылдык кеңешинин, Нарзан айылдык аймагынын Убактылуу Жобосу бекитилсин.

3. Мекеме Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн берилген тапшылырган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

4. Жооптуу катчы бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Чүй-Бишкек башкармалыгына каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик базасына киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Төрага Т.К. Кулжанов